КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТҮП РАЙОНУ
КАРКЫРА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТЮПСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
КАРКЫРА

---

Каркыра айылдык кеңешинин XXIX -чакырылышынын 5- сессиясы

## ТОКТОМ

**07- февраль 2025 ж № 28 Талды-Суу айылы.**

### Каркыра айылдык кеңешинин 2024-жылдын 31-майындагы “ Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине Санташ мамлекеттик тарыхий-маданий мемориалдык корук музейин куруу үчүн жер участкасын бөлүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө” № 104 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Каркыра айыл өкмөтүнүн кайрылуусун жана “Кыргызмамжердолбоорлоо” жерге жайгаштыруу ишканасынын Ысык-Көл филиалы тарабынан берилген 10.01.2025 ж. №01-5/13 аныктамасын карап чыгып Каркыра айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Каркыра айылдык кеңешинин 2024-жылдын 31-майындагы № 104 токтомунун биринчи пунктуна төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине Санташ мамлекеттик тарыхий-маданий мемориалдык корук музейин куруу үчүн 64,57 гектар айыл чарба аянтын төмөндөгү контурлардан бөлүп берүүгө макулдук берилсин;
  - кайрак айдоо аянттарынан контурлар №89-7,9 га, №100-20,1 га, №108- 0,37га, № 92-4,30 га
  - жайыт жерлерден контурлар №69-4,80 га, №70-1,40 га, № 88-4,10 га, № 91-1,20 га, № 94-5,30 га,№ 95-2,40 га,№ 96-6,30 га, № 97-2,0 га, № 98-3,60 га
  - чөп чабынды жерден контур № 101-0,80 га

2.Каркыра айыл аймагына караштуу 64,57 гектар жер аянты, мындан кайрак айдоо аянтынан 32,67 га, жайыт аянтынан 31,10 га, чөп чабынды жерлерден 0,80 га жер аянттары айыл чарба багытындагы жерлер категориясынан өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын жерлери категориясына которууга макулдук берилсин.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөл кылуу айылдык кеңештин айыл чарбасы жана жер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага Абдылда у.Т**